Аллах Таала калыс Өзү үчүн жана Өзүнүн ыраазылыгы үчүн аткарылган амалдарды гана кабыл кылат" - деп айтты

Абу Умама Баахилий (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Бир киши пайгамбарыбызга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) келип: "Мен соопту да, атакты да үмүт кылып казатка чыккан кишини көрдүм. Ага сооп берилеби?" - деп сурады. Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Ага эч нерсе берилбейт" - деди. Тиги киши суроосун үч жолу кайталады. Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага: "Ага эч нерсе берилбейт" - деп, анан: "Аллах Таала калыс Өзү үчүн жана Өзүнүн ыраазылыгы үчүн аткарылган амалдарды гана кабыл кылат" - деп айтты.

[Сахих (ишенимдүү)] [رواه النسائي]

Аллахтан сооп-сый талап кылып ошол эле учурда элден мактоо, атак-даңк үмүт кылып казатка чыккан кишинин өкүмү кандай болорун суроо үчүн бир киши пайгамбарыбызга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) келип ошол адам сооп-сыйга татыктуу болобу деп сурайт. Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) андай адамга эч кандай сооп берилбейт, анткени ал ниетинде Аллахка башка нерсени шерик кылды деп жооп берет. Суроо берген киши суроосун үч жолу кайталайт. Пайгамбарыбыз да баягы ага эч кандай сооп берилбейт деген жообун кайталап айтат. Анан пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллахтын алдында амалдардын кабыл болуу эрежесин эскертип: Аллах Таала баары Анын Өзү үчүн аткарылган, эч кандай башка ниет аралашпаган, Аллахтын ыраазылыгы көздөлгөн амалдарды гана кабыл кыларын айтат.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/65107